
# Роза гүлү жана Канарейка



Автор: Айнура Мурзакулова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Роза гүлү жана Канарейка

Автор: Айнура Мурзакулова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Роза гүлү жана Канарейка» (кыргыз тилинде), автор Айнура Мурзакулова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кичинекей сары Канарейка бир чоң кооз ак сарайда жашачу. Ак сарайдын айланасын түркүн дарактар жана гүлдөр өскөн чоң бак курчап турчуу. Анда роза, пион, лилия жана байчечекейлер көп өсөр эле.

Ар күнү кызматкер Канарейка салынган чабыраны бакка алып чыкчу, ал болсо гүлдүн жытын жыттап, бейиш багында сайрап жаткансып ырдап кирет.

«О Кудай, кандай кооз сайрайт! Сайра дагы! Сайра, суранабыз сенден!” – деп гүлдөр шыбырап жатты. Көпөлөктөр менен нектар жыйнаган аарылар жалбырактарга конуп алышып, канаттарын каккылашты: «Эң сонун! Эң сонун! Суктанарлык ыр!».



«О Кудай, кандай кооз сайрайт! Сайра дагы! Сайра, суранабыз сенден!” – деп гүлдөр шыбырап жатты. Көпөлөктөр менен нектар жыйнаган аарылар жалбырактарга конуп алышып, канаттарын каккылашты: «Эӊ сонун! Эӊ сонун! Суктанарлык ыр!».


Баарынан да жарашыктуу кызыл роза айрыкча ырахаттанып угуп жатты. Ал эӊ эле кооз жана бакта өскөн бардык гүлдөрдүн көрктүүсү эле. Канарейка сайраганда роза мурдагыдан да татынакай болуп жана барпырап бариктерин ачты. Анын жыты өзгөчө жыпар чачты.






«Карагылачы мени» – деп суранды роза, бирок Канарейка чабыранын ичинен жашыл бак менен көгүлтүр асманды гана көрүп жатты. Ар күнү ал Күндү карап, ал үчүн сайрап  берчү. «Сен кандай гана чоңсуң, сары жана ысыксың! Мен сени көргөндө кубанам жана сен үчүн ырдап берем!" – дейт ал.
А Күн болсо төбөсүнөн карап, жылмайып, өзүнүн нуру менен эркелете сылайт.

Бир күнү чоң булут Күндү тосуп калды эле, ал кайгырып, капаланып, зеригип кетти.





Ошол күнү канарейканы чабырасы менен бакка алып чыкпай калышты. Аны чоң терезеси бар залдагы эски үстөлдүн үстүнө коюп коюшту. Күндү көрбөй, ал дагы ырдабай калды.

Кызыл роза дагы кайгырып, бакта соолуй баштады. “Мен аны көргүм келет, ырын уккум келет! Мен анын ырын укпай гүлүмдү ача албайм! Мен ак сарайдын ичине киришим керек!” – деп роза аргасыздан ыйлап кирди. «Анда сен өлөсүң да!» – деп шыбырады ага бактагы гүлдөр.



Бакчы кооз роза гүлүн көрдү да, аны кесип алып, ак сарайга алып кирди.



Эми роза гүлү хрусталь вазага салынып, канарейканын жанында эски үстөлдүн үстүндө турду. “Мен мындамын, сенин жаныңдамын!” – деп шыбырады роза. А канарейка бактагы жыпар жытты сезди да, ырдап кирди. Ал ушунчалык назик, толкундап ырдап жатты, роза  сүйүү менен бакыттан дагы да бариктери барпырап ачылсын – деп ырдады.



Бирок ал анын бариктери биринин артынан бири күбүлүп түшө баштаганын сезген жок. Качан акыркы бариги түшүп, роза өлүп баратып, минтип шыбырады: “Кандай гана керемет үн! Мен сага ыраазымын!”.



А Канарейка болсо, өзүнө берилген жалгыз роза үчүн бар күчүн жумшап сайрай берди... Сайрай берди...

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнура Мурзакулова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли